*энелердин балдары жөнүндө маалымат такталып, жашоо шарттары көзөмөлдөнүлдү.Мектептеги профилактикалык кеңеш менен биргеликте мектеп ичиндеги тартиби начар балдардын тизмесин алып,алардын үстүнөн байкоо жүргүзүлдү.5-класстын окуучусу Касымбекова Медина сабактан эч себепсиз көп калат, тартиби жагынан карoого, жардамга муктаж болгондуктан байкоого алынып, көзөмөл жүргүзүлүүдө,.Биз мектеп администрациясы,класс жетекчиси менен биргеликте үйүнө бир нече ирет бардык.Негизи ИДН менен тыгыз иштешкендин жыйынтыгы жакшы болот экен.Анткени бул окуучунун тартиби кадимкидей оңолду.Ал эми ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар менен иштөөдө негизинен 3-декабрь эл аралык майыптар күнүндө,ошол айлыкта,айыл өкмөтүнүн соц кызматкерлери менен биргеликте иш алып барылды.Мектепте боорукерлик акциясын өткөрдүк, атайын концерт бердик.Бирок биздин ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын баары эле мектепке өз алдынча келе алышат,сабактарды жеңилдетилген түрдө өздөштүрө алышат.Ал эми 20-февралдан 20-мартка чейин мектепте социалдык акыйкаттуулук жана адилеттүүлүк айлыгын өткөрдүк.Чоң класстардын арасында тегерек стол,башка класстарга тарбия сааттар өтүлдү.мектеп парламенти менен биргеликте окуучулардын арасында "Социалдык акыйкаттуулук жана адилеттүүлүк дегенди кандай түшүнөсүң?"деген сурамжылоо жүргүздүк.Мугалимдер коллетиви сунушумду колдоп,жетишпеген үй-бүлөлөргө жардам иретинде ар кандай буюмдарды,кийим-кечелерди алып барып бердик.Мындан тышкары мектепте диний экстремизм боюнча ар кандай иш чараларга катышып,өткөрүп жаттык.Балдардын кышкы эс алуусун эске алып,февраль айында организатор,парламент менен биргеликте "Ден соолук күнүн" өткөрдүк.*

*8-апрелден 30-майга чейин кырдаалга байланыштуу аралыктан окутуу жүргүзүлгөнүнө байланыштуу суицидди, зордук-зомбулукту алдын алуу максатында директордун тарбия иштери боюнча орун басары Шаяхматова Ж., класс жетекчилер, ата-энелер, соц.педагог Курманова А.О. тыгыз байланышта окуучуларга аңгемелешүү иштери жүргүзүлүп турду. Аз камсыз болгон, мигрант ата-энелердин балдарынын аралыктан окуусуна класс жетекчилер менен бирдикте көзөмөл жүргүзүлүүдө.*

*"Адамдын өмүрү баалуу", "Зомбулуксуз үй-бүлө", "Мен өмүрдү сүйөм", "Балдар биздин келечегибиз"ж.б. темаларга видеосабактар өткөрүлдү. Ата-энелер, окуучулар менен бирдикте кайтарым байланышка чыгып аңгемелешүүлөр өткөрүлүүдө. Өзгөчө 9-11-класстардын окуучулары менен зордук-зомбулук, суицидди алдын алуу боюнча видеосабактардан тышкары позитивдүү маанайда аңгемелешүү, ой бөлүшүүлөр жүргүзүлүп келди.*